23. 1315

Молдо Кылыч

Керме тоо

Ала тоо

(Какшаал, Памир, тоолору)

Инв.

# Мазмуну

## Молдо Кылыч.


| | | бети |
|---|---|---|
| 1. | Кербез тоо. | 1-25. |
| 2. | Исенеды сулу. | 26-37. |
| 3. | Каз-жемчит. | 38-44. |
| 4. | Буркут тою. | 45-54. |
| 5. | Чуй оюну. | 55-74. |
| 6. | Чуйская долина /орусча котормосу/. | 75-93. |

## КЕРМЕ ТОО

Ак кагазым алдымда,
Кара сыя калемим.
Капилеттен сөз келсе
Катка жаза саламын.
Кең Кочкордон аттанып
Жолочулап жүргөмүн
Көрбөгөнүм көргөндө
Аң таң болуп калгамын.
Уккан менен көргөнүм,
Баян кылып жазамын,
Аркыраган агын суу,
Арасынан жайнаган,
Алда канча салаасы,
Телегейи тең экен,
Артык жердин сарасы.
Мекен кылган эзелден,
Темир, болот баласы.
Айдап чыккан ал жерден
Кашка майыр төрөсү
Аны ойлосом айыккыс
Жүрөктө чер жарасы.
Керме тоонун асылы
Бийик тоонун негизи
Аны аяктап жазармын
Келгенинде өз кези.
Адырлаган аюу төш

Алкымында керүүсү
Кудүрү кеп кымдак саз
Бары чөптүн уруусу.

Айтканымды агалар,
Азыноолок угуңар.
Ай асмандын боорунда
Керме тоодой кайда бар;
Агып жаткан арада
Алда канча дарыялар,
Кечелбастан киргенде
Адам заат сандалар.
Туш тушунан куюлган
Туйлап аккан булактар.
Тунуктугу күмүштөй
Ичсе көңүл кубантар,
Кымыз ичкен немедей
Кыялыңды жубантар.
Канча ичсе ~~даметип~~ даамтып
Кайта-кайта тилетер.
Жүгүргөн аң, учкан куш
Керме тоодо күн етер.
Кызыктыгы башкача
Күйүттүүнү күйдүрөр,
Нечен түрлүү макулук,
Көрбөгөнүн билдирер.

Телегейи тең болгон
Адам көрсө кубанар,
Аскар бийик зоосунан
Канаттуулар куланар,
Жан-жаныбар жаралган
Төрт аяктуу айбандар,
Курт кумурска бөй-чаян,
Канча урук жыландар.
Өнүп-өсүп мекендейт,
Жалпы өсүмдүк жаныбар.
Жан көрбөгөн өмүрү
Жайнап жаткан аңы бар.
Абалтадан барысы
Керме тоону жамынар,
Жандар болсо көрбөгөн
Айың кылып сагынар.
Өмүрүндө жүрбөгөн
Көргөн кезде таң калар.
Тоосу асман мелжиген
Төбөсүндө мөңгүлөр,
Бөлөк-бөлөк бөлүнгөн,
Санат жетпес жылгалар,
Уккан адам оозун
Көрбөдүм деп карманар.
Катар-катар керме тоо
Бир бирине жалганар